**ЧЫГЫШ ТААНУУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ**

ВОПРОСЫ ВОСТОКОВЕДЕНИЯ

ISSUES OF ORIENTAL STUDIES

**e-ISSN: 1694-8653**
№1/2024, 58-64

**УДК:**
**DOI:** 10.52754/16948653_2024_1_7

# БАЙЫРКЫ ТҮРКТӨРДҮН МАДАНИЯТЫ ЖАНА РУХАНИЙ ДҮЙНӨСҮ: (КОЧКОР ӨРӨӨНҮНДӨГҮ АРХЕОЛОГИЯЛЫК ТАБЫЛГАЛАРДЫН НЕГИЗИНДЕ)

КУЛЬТУРА И ДУХОВНЫЙ МИР ДРЕВНИХ ТУРОК: (НА ОСНОВЕ АРХЕОЛОГИЧЕСКИХ НАХОДОК В ДОЛИНЕ КОЧКОР)

CULTURE AND SPIRITUAL WORLD OF THE ANCIENT TURKS: (BASED ON ARCHAEOLOGICAL FINDS IN THE KOCHKOR VALLEY)

**Рахима Чолпонбек кызы**
*Рахима Чолпонбек кызы*
*Rakhima Cholponbek kyzy*

**окутуучу, И. Арабаев атындагы педагогикалык колледжи**
*преподаватель, Педагогический колледж им. И. Арабаева*
*Lecturer, Arabaev Pedagogical College*

# БАЙЫРКЫ ТҮРКТӨРДҮН МАДАНИЯТЫ ЖАНА РУХАНИЙ ДҮЙНӨСҮ: (КОЧКОР ӨРӨӨНҮНДӨГҮ АРХЕОЛОГИЯЛЫК ТАБЫЛГАЛАРДЫН НЕГИЗИНДЕ)

**Аннотация**

Макалада байыркы түрк элинин жана анын маданиятынын келип чыгышы жана калыптанышы археологиялык булактардын негизинде болот. Археологиялык эстеликтер боюнча кыргыз элинин калыптанышы узак жолду басып өткөн. Байыркылардын айрым каада-салттары, маданиятынын үлгүлөрү бүгүнкү күндө кыргыз маданиятында сакталып келе жатат.

***Ачкыч сөздөр:*** археология, байыркы түрктөр, Кочкор өрөнүндөгү табылгалар.

---

***КУЛЬТУРА И ДУХОВНЫЙ МИР ДРЕВНИХ ТУРОК: (НА ОСНОВЕ АРХЕОЛОГИЧЕСКИХ НАХОДОК В ДОЛИНЕ КОЧКОР)***

**Аннотация**

В статье рассматриваются истоки и формирование древнетюркского народа и его культуры на основе археологических источников. По археологическим памятникам формирование кыргызского народа прошло долгий путь. Сегодня в Кыргызской культуре сохраняются некоторые древние традиции, образцы культуры.

***Ключевые слова:*** археология, древние тюрки, находки в долине Кочкора.

***CULTURE AND SPIRITUAL WORLD OF THE ANCIENT TURKS: (BASED ON ARCHAEOLOGICAL FINDS IN THE KOCHKOR VALLEY)***

**Abstract**

The article examines the origins and formation of the ancient Turkic people and their culture based on archaeological sources. According to archaeological monuments, the formation of the Kyrgyz people has come a long way. Today, some ancient traditions and cultural patterns are preserved in Kyrgyz culture.


***Keywords:*** archaeology, ancient Turks, finds in the Kochkor Valley.

**Киришүү**

Түрк тилдеринин байыркы материалдык жана руханий байлыгында бүгүнкү күнгө чейин сакталып келип жеткен VIII кылымдагы петроглифтер жана Он Ок эли жөнүндө чакан макалада баяндайбыз.

Он ок Эли башка түрк тилдүү калк да кыргыз элинин канында, алардын руханий, материалдык маданиятынын бир бөлүгү. Алардын кыргыздарга эч тиешеси жок деп өгөйлөткөн пикирлер болгон менен көрсөтүлгөн археологиялык, этнографиялык далилдерди таанууга болбойт. Ошондуктан Енисей кыргыздары кайра байыркы Тенир-Тоодогу байыркы кандаш туугандары тез жуурулушкан.

Кытай жазма булагында эки элдин кийими, эркектеринин чачты өрүшү сыяктуу окшоштуктары баса айтылат. Эскерилген кытай жазма булагында түпкү теги бир кыргыз-түрк элдеринин кийими бирдей болгону эскерилген жана элестүү сүрөттөлөт. Н.В.Кюнердин котормосунда "ал өлкөдө (падышачылыкта, кыргыздарда -Т.К.) бардыгы чачтарын кырдырышат, чачтарын өрүшөт. Кийим кечеги түрктөрдүкүнө окшош. Кышында териден жасалган баш кийим кийишет, жайында калпактарын алтын менен кооздошуп, төбөсүн шукшуйтуп, кайрып коюшкан. Алар (уйгурлардын) айтымында азыр да ушундай баш кийим кийишет. Ак кийизден калпак жасашкан, калган бычымы жалпы жонунан бирдей. Кыскартылган көрүнүшү: Мазмуну боюнча ал үй-бүлөлү, согуш сахнасына каршы бир түр. Бул түшүнүк менен эки сүрөттү тең башкы баатыр жоокердин иштери менен бириктирилген бир баяндоочу эпизодору катары кароого болот. Катуу кармашта душмандарын жеңгенден кийин, ал өзүнүн боз үйүндө аялынын жанында аскердик эрдиктеринен кийин эс ала алган. [1].




**Сүрөт1.** VIII кылымдагы сүрөтчүнүн соккого тартылган киши. Кочкор өрөөнү Сүттүү булак аймагы.

К.Ш.Табалдиев жетектеген археологиялык экспедициянын жүрүшүндө Кочкор өрөөнүнүн туштук-чыгышында орто кылымдагы үнкүр сүрөттөрү жана рундар. Жазуулардын котормосуна ылайык, бул жерде "Адык" аттуу киши тартылган. Он Ок элинин кол башчыларынын бири болушу мүмкүн. Кочкор өрөөнүнүн түштүк чыгыш бөлүгүнүн колуна чымчык кармаган чабандестердин аскага тартылган сүрөттөрү катары кароого болот.


Салттын иллюстрациясы, өлүмгө байланыштуу адам. Алар канаттуулардын сүрөттөрү менен жазуулардын мазмунунун ортосундагы байланышты белгилешет, эгерде биз аларды "учуп-кетүү" деген сөзгө байланыштуу "өлүү" маанисине карасак. Монологиянын эстеликтеринде кээ бир кагандардын өлүмү жана Кул-тегин "учту" сөзү менен туюнтат. Култегин учуп кетти башкача айтканда өлгөн. Кыргыздар эркекке арналган кошокту аткарууда "тынарым учуп кетти" деген сөздү колдонушат. Кыргыз фалькулорунда адамдын. баатырдын өлүмү менен да салыштырышат. Кочкор жергесиндеги Көк -Сай эстеликтериндеги таш бетине чегилген сүрөттөрдө төбөсү шоңшойгон баш кийим кийип, куш кармап турган Он Ок Элинин жоокерлеринин айрым сүрөттөрү тарыхый жазма булакты тастыктап турат. Ал баш кийим бүгүнкү күнгө чейин сакталып жетти. Демек биз бул далил менен кыргыз-түрк маданиятынын беделдүү мураскору кыргыз эли экендиги талашсыз [2].

Кыргызстандын булуң-бурчунда кездешүүчү балбалдардагы жоокер аркылуу орто кылымдагы бабалардын элесине көз алдыга элестетүү мүмкүн. Бүгүнкү күндө элестүү менен гана эмес аларды сактоо, аздектөө талап кылынып турат.

Калпак-кыргыздын байыртадан келе жаткан улуттук баш кийими. Бул баш кийим этнографиялык мезгилден бери белгилүү болгон.Эгерде баш кийим тарыхына кайрылсак тарыхы I миң жылдыктан баштап уланат. Ал учурдун шоңшойгон баш кийимдин түрлөрү көп. Кийген өкүлдөрү сактар жана аларга удаа, мезгилдешип жашаган калктардын ичинен Алтайдагы пазрык маданиятындагы музда бүгүнкүдөй сакталып калган баш кийим кадимки калпактын бычымына окшош. Эки тарабында чачысы оймолору бар. VIII кылымдагы калпакчан жоокер сүрөтү. Петроглиф VIII кылым Кочкор өрөөнү Көк-Сай аймагы [3].





Кочкор өрөөнүнөн табылган Бөйрөк-Булактагы бир компазициянын чиймелери колунда чымчык бар атчан; фламингого окшош узун куш майда үй канаттуулары ( кекилик, таш кызыл өрдөк). Атчан учтуу баш кийимде, сол колунда кармап турат. Куш калгандардан бир аз айырмаланат-узарган куйругу жок, төмөндө оролгон чийме тартылган. Жамбаш белинде ромб формасындагы асма оюм-чийимдер бар. Ромбик фигурасы чиймеде ачык көрүнүп турганын байкоого болот. Ромб формасындагы оюм-чийимдер тартылган. Орто кылымдагы үңкүр сүрөттөрү жана рундар. Жазуучулардын котормосуна ылайык бул жерде "Адык" аттуу киши тартылган. Он Ок элинин кол башчыларынын бири [4]. Кочкор өрөөнүнүн туштук-чыгыш бөлүгүнүн колуна чымчык кармаган чабандестердин аскага тартылган сүрөттөрү катары кароого болот. Бул да өлүмгө байланыштуу адам. Бул сүрөттө баш кийимдин формасы бирдей кыргыздар бөлүмүндө.



VIII кылым Кочкор өрөөнү Көк-Сай аймагы.


Асмандагы ак шумкар,
алтын боосун үзүптүр.
Айды карай сызыптыр,
күмүш боолу ак шумкар,
күмүш боосун үзуптүр,
күндү карай сызыптыр [5].

Кочкор өрөөнүнүн Көк-Сай аймагында жазуу маданияттары дагы табылган VIII кылымга таандык. Окумуштуулар тарабынан чечмеленген. "Менин эр атым Адык Он ОК эли жерим Ярыш" деп жазылган. Демек биз бул петроглифтеги жазуу аркылуу Кочкор жергесинин VIII кылымдагы аталышы Ярыш экенин далилдеп турат. Жазма эстеликтер археологдор Табалдиев менен Солтобаев тарабынан кенири изилденген [6].



VIII кылым. Кочкор өрөөнү Көк-Сай аймагы.

Азыркы кыргыздардын маданияты менен Енисенй кыргыздарынын түрктөрүнүн орто кылымдардагы маданиятынын ортосунда алардын VIII кылымдагы көчмөндөрдүн урпактарынын бүтүндөй маданияты жатат. Курдун темир тогосу Алтайдан Ала-Тоого көчкөндө же Ала-Тоодон Алтайга көчкөндө. Бул эскпонат Енисей кыргыздары колдонгон буюму болгон. Демек Енисей кыргыздары Ала-Тоо Алтай аймактарына келишкенин курдун тоголору далилдеп турат.



Кочкор өрөөнү Алкым аймагы VIII кылым.

Жыйынтыкдап айтканда: Кочкор өрөөнүнүн Көк-Сай аймагы тарыхый уникалдуу жер. Түркалогия илиминде өтө чоң ачылыш болгон. Түрк дооруна таандык эстеликтер кыргызстандын үч аймагында гана табылган Таласта, Ысык-Көлдө, жана Кочкор өрөөнүндө отуздан ашык археологиялык табылгалар табылган. Көк-Сай түркалогия илиминде Кыргызстандын тарыхында чоң мааниси бар кереметтердин бири. Кыргыз элинин жазуу маданияты болгон эмес кыргыздар көчмөн калк болуп эле көчүп, конуп, эле жүрүшкөн деген сөздөн алыс бололу. Байыртадан кыргыз көчмөндүүлүгү менен кошо жазуу маданияты да, болгон. Жазуу маданиятыбызды VIII кылымга таандык петроглифтерибиз далилдеп турат бул талашсыз нерсе. Бүгүнкү күндө баалуу мурастарыбызды сактап, коргоп, аздектеп алалы.

**Колдонулган адабияттар**


1. Древние памятники Тянь-Шаня. Табалдыев Кубатбек Шакиевич, Кыргызская Республика Бишкек 2013-2015 гг. 70 стр.
2. Ошондой эле 70ст.
3. Ошондой эле 75.
4. Кубатбек Табалдыев Шакиевич Кыргыз Турк "Манас" университети. Археологиялык маалыматтар жана кыргыз элинин, маданиятынын калыптануу маселелери 2017-ж 158 бет.
5. Ошондой эле 160 бет.
6. Табалдиев К.Ш, Худяков Ю.С.Древнетюркский памятник Беш-Таш-короо // Памятники культуры древних тюрков в Южной Сибири и Центральной Азии. Сборник 1999. 55 стр.